***«Билим берүү уюмдарынын кызматташтыгы- келечектин ачкычы»*** темасынын алкагында Эл аралык Кувейт университети жана Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлары аралык өз ара кызматташуу жөнүндө түзүлгөн

**КЕЛИШИМ**

Биз, төмөндө кол коюучулар, биринчи тарап Эл аралык Кувейт университетинин ректору п. и. д., профессор Байсеркеев А. Э.,

экинчи тарап

С. Турсунов атындагы Бишекек - агроэкономикалык колледжинин директору

Омуров Намир Бексултанович

(мындан ары «Тараптар» деп аталат) академиялык мобилдүүлүк жөнүндө ушул **Келишимди** түздүк.

## 1. Келишимдин маселеси

1.1. Ушул Келишимдин маселеси болгон кызматташууну камсыз кылуу үчүн, Тараптар, зарыл болгон шарттарды эске алуу менен, төмөнкү багыттар боюнча бири-бирине жардам көрсөтүүнү макулдашышат:

- Тараптар кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык ар бир адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга жана студенттерге заманбап талаптарга ылайык билим берүүгө, орто кесиптик квалификациялуу педагогикалык кадрларды даярдоого милдеттенет;
- Тараптар кесиптик орто билим берүүнүн төмөнкү адистиктери боюнча 080110-Экономика жана бухгалтердик эсеп, 080501-Менеджент багыттары боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарттарын, негизги кесиптик билим берүүнүн программаларын, окуу дисциплиналардын жумушчу программаларын (анын ичинде заманбап аралык жана тармактык окутуу технологияларын колдонуу менен) түзүүдө биргелешкен иштерди жүргүзүүгө милдеттенет;
- Тараптар педагогикалык маалымат менен алмашуу иштерин жүргүзүп, билим берүү ишмердүүлүгүн методикалык камсыздоо үчүн маалымат базасын түзүүгө бири-бирине жардам берет;
- Тараптар окутуунун алдыңкы методдорун иштеп чыгуу жана жаңы билим берүү технологияларын киргизүү боюнча тажрыйба алмашууга макул болушат;
- Тараптар окуу -методикалык иштерди аткарууда адистерди алмашууга макулдашат;
- Тараптар студенттерди, окутуучуларды алмашуу менен академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында билим берүү кызматтарын көрсөтүү менен кызматташат;
- Тараптар биргелешкен билим берүү долбоорлорун ишке ашырат;
- Тараптар билим берүү уюмдардын окутуучуларынын (ошондой эле мектеп мугалимдеринин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларын) педагогикалык кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарын, стажировкасын, семинар-тренингдерин, илимий практикалык симпозиум, тегерек стол, биргелешкен жумушчу сапарларын жана башка ушул сыяктуу окуу –усулдук иш чараларды уюштуруу, өткөрүү, окуу-усулдук иштерин жүзөгө ашырууда адистерди алмашуу, эл аралык практикалык иш-чараларды симпозиумдарды, конок семинарларды, вебинарларды ж.б. биргелешип өткөрөт;

- Тараптар студенттеринин жана окутуучулар жамаатынын илимий эмгектерин, чыгармачыл иштерин биргелешип кароону жүзөгө ашырат;
- Тараптар тарабынан маданий жана спорттук иш-чараларын, чыгармачыл эс алууну биргелешип уюштурат.

## 2. Академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү үчүн кызматташууну уюштуруу

2.1. Бул Келишимге ылайык, Тараптар 080110-Экономика жана бухгалтердик эсеп, 080501-Менеджент адистиктери боюнча айрым дисциплиналарды же модулдарды өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен эки Тараптын студенттерине билим берүү кызматтарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Тараптардын тиешелүү эрежелеринде белгиленген тартипте жана шарттарда көрсөтүүгө милдеттенишет.

2.2.Ушул Келишим боюнча бир Тараптын студенттери экинчи Тараптын билим берүү уюмунда 1 (бир) семестрде тиешелүү адистиктер боюнча дисциплиналар же модулдар Тараптар тарабынан таанылат жана окуп бүтүргөн соң транскриптке киргизилет.

2.3. Дисциплиналардын, модулдардын аттары жана алардын башка Тараптын программаларына дал келүүсү, кредиттердин саны, узактыгы, практикалык жана теориялык сааттардын саны, баалоо шкаласы, график, ар кандай стажировкадан өтүү, изилдөө иштерин жүргүзүү, тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана башка маселелер ( академиялык мүнөздөгү суроолорду кошкондо) Тараптардын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан кошумча түрдө уруксат берилет. Тараптардын ар биринин башчысы башка билим берүү уюмунда окуу үчүн кредиттердин санынын жогорку чегин аныктайт.

2.4. Бул Келишимдин алкагында Тараптар студенттерди окутуу үчүн бирдей шарттарды түзүшөт, Тараптардын ар бири китепкана фондуна кирүүнү камсыздашат.

2.5. Тараптардын билим берүү кызматтарына акы төлөө маселелери жана башка финансылык маселелер Тараптардын ортосунда тиешелүү кошумча келишимдерди, ошондой эле Тараптардын ар бири менен студенттин ортосунда билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча кошумча түрдө келишимди түзүү менен чечилет.

2.6. Тараптардын сабактарынан, модулдарынан, окуу процессинен, ички эрежелерден жана Тараптардын билим берүү уюмунда калуунун башка маселелеринен өтүү эрежелери Тараптардын ички эрежелерине ылайык түзүлөт жана студенттерге Тараптардын структуралык бөлүмдөрү тарабынан билдирилет.

## 3. Башка шарттар

3.1. Бул Келишимге ылайык Тараптар бири-бирине жазуу жүзүндө же оозеки түрдө билдирген ар кандай маалымат Тараптар тарабынан катуу купуялуулукта сакталууга тийиш жана эч кандай үчүнчү жакка жарыяланбайт жана башка жол менен ачыкка чыгарылышы мүмкүн эмес.

3.2. Тараптар теңчилик, ачыктык жана бүтүндүктүн принциптери боюнча өз ара аракеттенишет.

3.3. Бул Макулдашууга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жазуу жүзүндө Тараптардын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан кол коюлган жана ушул Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

3.4. Келишимде чагылдырылган кызматташтыктын багыттары эки Тараптын тең кызыкчылыгына жана ар бир Тараптын ылайыктуулугуна негизделген.

3.5. Талаштар Тараптар тарабынан сүйлөшүү жолу менен чечилет. Бардык талаш маселесин өз убагында чечүү үчүн Тараптар бири-бирине кат жүзүндө билдирет.

## 4. Тараптардын жоопкерчилиги

4.1.Тараптар ушул Келишимдин сапаттуу жана өз убагында натыйжалуу аткарылышы үчүн жооп беришет.

4.2. Келишим жазуу жүзүндө толтурулуусу зарыл. Кызматташуунун иш-чаралары жазуу түрүндө толтурулган болсо, Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан кол коюлган келишим жарактуу.

## 5. Жобонун жыйынтыгы

5.1. Бул Келишим 5 жылга түзүлөт. Келишим эки Тарап кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана 5 жыл бою колдонулат.

5.2. Тараптар тарабынан өз ара Келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Ал Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

5.3.Келишимди ишке ашыруу процессинде тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка нормативдик –укуктук актыларын жетекчиликке алышат.

5.4. Келишим эки нускада түзүлдү (Тараптардын ар бири үчүн бирдей юридикалык күчкө ээ).

5.5.Тараптардын ар бири 1 айдан кечиктирбестен жазуу жүзүндө билдирүү менен Келишимди бузууга укуктуу.

## 6. Тараптардын колу жана Юридикалык дареги.

| 1- тарап | 2-тарап |
|---|---|
| Эл аралык Кувейт университети<br>дареги: Кыргыз Республикасы,<br>Бишкек ш., Э.Ибраев к. 6А, 720022<br>тел .: (0312) 337381<br>тел .: (0312) 337362<br>E-mail: ikurectorat@gmail.com<br>Web сайт: http://www.iku.kg | С. Турсунов атындагы Бишекек - агроэкономикалык колледжи<br>дареги: Кыргыз Республикасы,<br>Кант ш., Киргшелк а. Мичурин к. 46.<br>E-mail: baekimtursunova@yandex.ru<br>Тел:(03132)54 500<br>Web сайт: http://baek.kg/ |
| Ректор ____________ А.Э. Байсеркеев | Директор______________ Н.Б. Омуров |
| М.П. | М.П. |
| «05 02 2023г» | «___» ____________ |